Пед.кеңешмеде каралды

«28» 08. 2020

БЕКИТЕМИН

№84 орто мектебинин

директору

Иманалиева Д.К

«4» 09.20

## Окуучулардын мектепке кийүү формасы боюнча жобо.

Мектептик билим берүү тутумунун негизги звеносу саналат жана
3 баскычты камтыйт:

- жалпы башталгыч - 1-4-класстарды;
- жалпы негизги - 5-9-класстарды;
- орто жалпы - 10-11-класстарды

<u>**Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:**</u>

- Тазалык, тыкандык.
- Баардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль.
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек.
- Кыздардын узун чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек.
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө).

<u>**5-класстан 11-класска чейинки мектептик формалын толук сыпатталышы**</u>

**Балдар жана өспүрүмдөр үчүн:** кара костюм жана классикалык үлгүдөгү шым, бир өңдөгү ак көйнөк;

**Кыздар үчүн:** көк пиджак, тизеден өйдө болбогон классикалык үлгүдөгү юбка , бир түстүү ак блузка.

<u>**1-4-класска чейинки мектептик формалын толук сыпатталышы**</u>

Республикалык деңгээлдеги талапка ылайык мектеп формасын кийишет.

<u>**Спорттук форма:**</u> Бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

<u>**Болбойт:**</u> дене тарбия сабагына мектептик формада, джинсы жана спорттук эмес бут кийим менен катышууга.

<u>**Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин варианттарын кийүүгө тыюу салынат:**</u>

- Терең көнүлдү бурдура турган көзгө комсоо адаттан тышкары бөлүктөр, жылтырак жиптер, ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимде жана бут кийимде болбошу керек;
- Ар кандай өңдөгү джинсы;

- Өтө денеге чапталган, фигураны көрсөткөн юбка, шым жана лосиналар;
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска блузкалар;
- Мини-юбкалар ( тизеден 10см өйдө узундуктагы).
- Декольтеси ачык блузкалар;
- Өтө жука юбка менен блузкалар, ошондой эле жука курактары бар кийимдер;
- Ич кийим жана джинсы стилиндеги кийимдер;
- Ар кандай пулеверлер жана токулган кофталар;
- Спорттук кийим (спорттук костюм жана анын бөлүктөрү), спорттук бут кийим;
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер (кыска шым, майка, футболка ж.у.с.)

**Тыюу салынат:** адаттан тышкары чач тегиздетүүлөр, чачтарды ачык, табыгий эмес өңдөргө боё.

**Ачык макияжга тыюу салынат:** кирпиктерди, көздөрдү эринди боегон жана ачык маникюр.

Кийимдин бөлүгү катары оор брошкаларды, чынжырларды, шакек, кулон, сөйкө, шарф, жамынма, палантиндерди колдонууга **уруксаат эмес.**

Пирсинг, ошондой эле коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын бирикмелеринин символикаларынын аксессуарларына **уруксаат эмес.**